# ДЕПОЗИТТЕР

*(2012-жыл, январь-сентябрь айлары)*

**1-график. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин динамикасы (бир мезгилдин акырына)**




**2 -график. Аманатчылар боюнча депозиттер түзүмү**




2012-жылдын январь-сентябрь айларында банктык депозиттер рыногунда коммерциялык банктардын депозиттик базасынын өсүү тенденциясы уланган. Бул ички рынокто социалдык-саясий абалдын туруктуулугун салыштырмалуу сактоо менен жана иштиктүү активдүүлүктү жогорулатуу менен шартталган. Улуттук жана чет өлкө валюталарында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чендердин көрсөткүчтөрү, өткөн жылдын салыштырып жаткан мезгилдеги маанилердин деңгээлинде жалпысынан сакталып, анчалык маанилүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон эмес. Түзүм боюнча депозиттик базанын өзгөрүшү ишканалардын эсептешүү эсептеринде акча каражаттардын калдыктарынын көбөйүшү, ошондой эле талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин жана калктын мөөнөттүү аманаттарынын өсүшүнөн улам келип чыккан.

Кароого алынып жаткан мезгилдин акырына карата коммерциялык банктардын депозиттик базасынын көлөмү жыл башынан бери 31,4 пайызга жогорулап, 50,8 млрд. сомду түзгөн. Мында, жогорулоо депозиттик базаны түзүүчү валютанын өсүшү менен да (34,2 пайызга), сом түрүндөгү аманаттардын өсүшүнүн эсебинен да (28,7 пайызга) камсыздалган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгы боюнча депозиттик базаны долларлаштыруу чет өлкө валютасындагы депозиттердин көлөмүнүн өсүш арымы кыйла жогорулагандын эсебинен 1,0 пайыздык пунктка, 51,1 пайызга чейин өскөн.

2012-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде депозиттик базанын убактылуу түзүмүндө тартуучу ресурстардын мөөнөттүүлүгү азайгандыгы байкалган. Жалпы депозиттик базанын дюрация көрсөткүчү 5,5 айдан 4,7 айга чейин төмөндөп кеткен, мөөнөттүү депозиттердин дюрация көрсөткүчү жыл башынан бери 15,3төн 14,1 айга чейин төмөндөгөн. Эсептешүү эсептериндеги каражаттардын суммасы мезгилдин акырына карата үлүшү 40,0 пайыздан 42,2 пайызга чейин жогорулаган 21,4 млрд. сомду түзөт. Депозиттик базанын жалпы көлөмүндө узак мөөнөттүү аманаттардын (бир жылдан жогору) үлүшү 2,2 пайыздык пунктка, 8,7 пайызга төмөндөөгө карай өзгөрүп, мөөнөттүү аманаттардын каражаттары 17,1 млрд. сомду түзгөн, кыска мөөнөттүү аманаттардын салыштырма салмагы да 0,4 пайыздык пунктка, 25,0 пайызга чейин төмөндөгөн. Мөөнөттүү аманаттардын үлүшү 35,6дан 33,7 пайызга чейин азайган. Мында, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин көлөмү 12,3 млрд. сомду түзөт, ал эми банктын кардарларынын талап боюнча төлөнүүчү депозиттериндеги калдыктардын

үлүшү депозиттердин жалпы суммасында январь-сентябрь айлары ичинде 24,4төн 24,2 пайызга чейин бир аз төмөндөгөн учурда алардын үлүшү жыл башынан бери жогорулаган (30,0 пайызга).

Рыноктун концентрацияланууу индекси 0,11 өлчөмүндө түптөлгөн, бул концентрациялануунун орточо деңгээлине туура келет жана рынокто үлүштөрү бирдей тогуз катышуучу бар экенине барабар.

**3-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча улуттук валютадагы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде коммерциялык банктарга депозиттердин агылып кирүүсү жогорулаганы белгиленген. 2012-жылдын 9 айы ичинде жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмү[1] 2011-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 21,5 пайызга өсүп, 170,1 млрд. сомду түзгөн. Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган аманаттардын көлөмү 86,5 млрд. сомду (+30,0 пайызды), чет өлкө валютасында – 83,6 млрд. сом эквивалентинде (+13,8 пайызды) түзгөн.

**4-график. Мөөнөттүүлүк категориялары боюнча чет өлкө валютасындагы жаңы депозиттердин пайыздык чендеринин орточо деңгээли**




Түзүмдө талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын үлүшү 89,7ден 89,2 пайызга чейин төмөндөгөнү жана 3 жылдан ашык төлөө мөөнөтү менен депозиттердин терс өсүш арымынын эсебинен мөөнөттүү аманаттардын үлүшү кыскаргандыгы байкалган. Жыйынтыгында, жаңыдан кабыл алынган аманаттардын дюрациясынын орточо көрсөткүчү, 2011-жылдын ушундай эле көрсөткүчүнө салыштырмалуу 1,8ден 1,1 айга чейин кыскарган, ал эми мөөнөттүү депозиттердин дюрациясы 3,9 айга 10,3 айга чейин азайган.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, жылдык мааниде 1,1ден 1,3 пайызга чейин сом түрүндө талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин ченин жогорулатуунун эсебинен жылдык мааниде 0,2 пайыздык пунктка өсүү менен 2,3 пайызды түзгөн.

Чет өлкө валютасында жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча чен, негизинен мөөнөттүү депозиттердин үлүшүнүн азаюу жана талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин чендеринин төмөндөө себебинен улам, 0,1 пайыздык пунктка, 0,8 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошентип, чет өлкө валютасында талап боюнча төлөнүүчү депозиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 0,2ден 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн, чет өлкө валютасында мөөнөттүү депозиттер боюнча чен өткөн жылдын 6,7 пайыз көрсөткүчүнүн деңгээлинде сакталган.

[1] Жаңыдан кабыл алынган депозиттердин көлөмүндө банктардын кардарларынын эсептешүү эсептери эсепке алынбайт